Айдыңы арткан – Алтынкен

# «Алтынкен» компаниясы айымдарын 8-март – Аялдардын эл аралык күнү менен куттуктады

**Үстүбүздөгү жылдын 7-мартында компаниянын жыйындар залында 8-март Аялдардын Эл аралык күнүнө арналган салтанаттуу иш-чара болуп өттү. Бул жаз майрамына эмгек жамаатынын бүтүндөй аялдар бөлүгү чакырылган.**



Аялдардын эмгегине чоң маани берүү менен, Директорлор кеңешинин төрагасы, «Цзыцзинь» тоо-кен корпорациясынын Эл аралык департаментинин туруктуу башкы директору Ляо Цзяньшэн мырзанын видео куттуктоосу көргөзүлдү. Ал өз сөзүндө, «Алтынкен» компаниясында эмгектенген аялдардын өзгөчө ролун белгилеп, алардын эмгеги үчүн ыраазычылык билдирди.

Иш-чаранын жүрүшүндө, башкармалыктын төрагасы Вэнь Яфэн жана төраганын орун басарлары Акыл Токтобаев менен Азамат Алиев да куттуктоо сөздөрүн айтышты.

Бул майрамда компаниянын жамаатынын көптөгөн кызматкерлери ишкананын грамоталары жана баалуу белектери менен сыйланышты.

Ошондой эле профсоюздар комитетинин төрагасы М. Атаянов «Алтынкен» компаниясынын аялдарын профсоюздун атынан куттуктап, сыйлыктарды тапшырды.

Расмий куттуктоолор концерттик номерлер менен алмашылып, залда чыныгы майрамдык атмосфераны түздү.

Иш-чаранын катышуучулары үчүн Кадрлар бөлүмү профессионал өнөрпоздордун, ошондой эле компаниянын таланттуу кызматкерлеринин катышуусунда концерттик программа даярдап, популярдуу ырларды аткарышты.

Кең экранда эркек кызматкерлердин адаттан тышкаркы күлкүлүү видео куттуктоолору көрсөтүлдү. Бул учурда аялдардын маанайы көтөрүлүп, күлкүсү, кол чабуулары токтогон жок.

Программанын аягында байгелер үчүн лотерея ойнотулду. Лотереянын жеңүүчүлөрү үчүн тиричилик техникасы жана идиш-аяк түрүндөгү байгелер эң сонун белек болду.

Бул майрамда бир дагы аял кызматкерлери компаниянын жетекчилиги тарабынан көңүл бурулбай калган жок – бардыгына гүлдестелер жана чакан таттуу белектер таратылды.

Сиздерге бакыт жана береке, биздин кымбаттуу кесиптештер!









